| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛАСТЫ<br>КОЧКОР РАЙОНУ<br>СЕМИЗ-БЕЛ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КОЧКОРСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СЕМИЗ-БЕЛЬСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|

Семиз-Бел айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VI- чакырылышынын кезектеги XI-сессиясынын

# Т О К Т О М У

18-октябрь 2017-жыл 11/2 Кара-Тоо айылы

**Семиз-Бел айыл аймагындагы клуб башчыларынын аткарган иштери жөнүндө**

Семиз-Бел айыл аймагындагы клуб башчыларынын аткарган иштери жөнүндө клуб башчыларынын жана маданият, билим берүү саламаттыкты сактоо боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Т. Илиясовдун маалыматын угуп жана талкуулап айылдык Кенеш ,**токтом кылат:**

1. Семиз-Бел айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдык клубдарга клуб башчыларынын жүргүзүп жаткан иштери «Канааттандыраарлык»деп табылсын.

2. Клуб башчыларынын иштеринин уюштурулушунда майда ремонт иштери жүргүзүлүп , клубдарды капиталдык ремонттон өткөрүү жана кайра куруу иштери боюнча эч кандай чаралар көрүлбөй Кара-Тоо, Арсы айылдык клубдары бүгүнкү күндө жараксыз абалда тургандыгы белгиленсин.

3. Кара-Тоо айылдык клубун кайра куруу боюнча проектилер менен иш жүргүзүп, үлүштүк дем берүүчү гранттын эсебинен киргизүү үчүн тиешелүү иш кагаздарын даярдап, сунуштоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Акишовго тапшырылсын.

4. Айылдык клубдарга алынган музукалык аппаратураларды пайдаланып, айылдарда даталуу күндөрдө маданий массалык иш чараларды уюштуруу клуб башчыларына милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы маданият,билим берүү,саламаттыкты сактоо боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага:** **Р.Базаркулов**

**Жөнөтүлсүн**: Иш кагазына,клуб башчыларына,туруктуу комиссияга